**Европадагы коопсуздук жана кызматташтык уюму**
***Жалпы маалымат каражаттарынын эркиндиги боюнча Өкүлчүлүгү***

# ЖМК боюнча Борбордук Азиядагы 13-конференциясы

## Плюрализм жана Интернет саясаты

**Душанбе, Тажикстан**
**29-30-ноябрь, 2011-жыл**

**ДЕКЛАРАЦИЯ**

ЕККУнун Жалпы маалымат каражаттарынын эркиндиги боюнча Өкүлчүлүгү, ЕККУнун Душанбедеги миссиясы менен бирдикте, ушул жылдын 29-30 ноябрында Тажикстандын Душанбе шаарында ЖМК боюнча Борбордук Азиядагы 13-конференциясын өткөрдү. Көп жылдар бою бул конференция Борбордук Азия мамлекеттеринин журналисттеринин ортосунда ЖМК көйгөйлөрүн талкуулоо боюнча пикир алмашуучу жалгыз гана форум болуп келатат.

Бул жолку 2 күндүк иш-чарада 150 дөн ашык адам катышты: анын ичинде Борбор Азия мамлекеттеринин бийлик бутактарынын өкүлдөрү, Парламенттин депутаттары, журналисттер, эксперттер жана жарандык коомдун өкүлдөрү болду.

Был жылкы тема – ЖМК дагы плюрализм жана интернет саясаты болду. Катышуучулар бүткүл ЕККУ регионунда, анын ичинде өзгөчө Борбордук Азия чөлкөмүндө ЖМКны өнүктүрүүдө интернеттин ойногон ролун талкуулашты. Андан сырткары, эл аралык стандарттарды жана өз мамлекеттеринин бул жааттагы практикаларын карап өтүштү. Ага кошумча, региондогу жалпы ЖМК эркиндигин баалашты.

*Конференциянын жыйынтыгы:*

*Конференция:*

1. Борбордук Азиядагы ЖМК өкүлдөрүн, жарандык коомду, жана өкмөт бийликтерин бул конференцияга катышуусуна ыраазычылык билдирет, жана региондогу кызматташтыктын, өзгөчө ЖМК жаатындагы кызматташтыктын, маанилүү ролун тааныйт.

2. ЖМКда интернетти колдонуу, ким болбосун – блоггер же жеке инсан, жарандык журналист же социалдык желелерди колдонуучу - адамдын негизги укуктарынын жана эркиндигинин, пикир билдирүү эркиндигин коргогон шарттарда болуусу керектигин тааныйт.

3. Адамдардын Интернет-сабатынын маанилүүлүгүн таануу менен бирге, эгемен чечим кабыл алуу, коомдук чечимдердин мазмунун интернет колдонуучулар, бийликтин сайттарды жабуу (блокировка) кадамына жеткирбей эле, цензура жана фильтрацияга дуушар кылбай эле, колдонуучулар өздөрү эле сабаттуулук менен мамиле кылганы туура деп эсептейт.

4. Бийликтерди эркин жана кеңири маалыматы таратуу шарттарын өнүктүрүү үчүн бардык тиешелүү мыйзамдык жана техникалык шарттарды түзүүгө, анын ичинде заманбап маалымат жана коммуникация технологияларына жол ачуу аркылуу да бул маалымат эркиндигин кеңейтүүгө чакырат.

5. Бийлик бутактарын техникалык прогресске шарт түзүүгө, аны менен бирге бардык жарандарга мамлекеттин кийлигишүүсүз жол ачып берүүгө кепилдик берүүсүнө чакырат.

6. Бийлик органдарын Интернет эркиндигин кепилдеген шарттарды түзүүгө үндөйт: Интернет Борбордук Азия өлкөлөрүндө сөз эркиндигинин колдонууда ачык жана баарына тиешелүү форум бойдон сактап калуусуна чакырат. Бул кадам - өлкөлөрдүн ЕККУнун алдында алган милдеттемелерине туура келет жана Жалпы адам укуктары боюнча декларациянын, андан сырткары, жарандык жана саясий укуктар боюнча эл аралык пакттын, ошондой эле Адам укуктары боюнча Европалык Конвенциянын рухуна үндөш.

7. Интернет колдонуу укугу мамлекеттик мыйзам менен бекитилип, эл аралык стандарттарга дал келип, жана адамдардын маалыматка жана өз пикирин билдирүү укугунун ажырагыс бөлүгү экенин таануусуна чакырат.

8. Интернет маалыматтын эркин агымына жол берүүдө кайталангыс мүмкүнчүлүктөрдү берерин, анын ичинде өлкөлөр аралык маалымат агымдарына да эркиндик берүүнү белгилейт, ал эми бул – ЕККУнун алкагындагы негизги милдеттемеге кирет.

9. Мамлекеттерди интернетти жалпы жабуу (блокировка) кадамынан баш тартууга чакырат, анткени бул Интернеттин эркиндигин тизгиндөөгө жатат.

10. Пикир билдирүү эркиндиги – бул бир гана салттка кирип калган гезит теле сыяктуу ЖМКга эле эмес, Интернеттеги ЖМКга да тиешелүү экендигин белгилейт. Эгер бул укукту чектөө керек болсо, анда чектөө бир гана олуттуу себептер менен акталышы мумкун, мисалы – коомдун кызыкчылыгын көздөө. Бирок ошондой кезде да, Интернетти чектөө пропорционалдык жана демократиялык коомдун муктаждык принциптерине жооп бериши керек жана мыйзам тараптан каршы келбеген гана кадам болушу керек.

11. Бийлик өз бийлигин туура эмес пайдалануусуна каршы үндүйт, жана ЖМКны ирээтке келтирүү ишинде бир гана алдынкы юридикалык практиканы колдонуп, мыйзамдыагы так эмес жазылып калган пункттарды бурмалоого каршы үндөйт, жана тунуктукка жана мыйзамдарды аткаруудагы ачык мамилеге, жана тараптар келишпеген суроолор боюнча чечимди кайра карап чыгуу мүмкүнчүлүктөрүн түзүүгө чакырат.

12. Бийликтерди ой-пикирлердин ар түрдүүлүгүн (плюрализм) колдоп, өнүктүрүп, жана ЖМКны куугунтоодон жана монополияга дуушар кылуудан алыс болушуна чакырат.

13. ЖМКдагы плюрализм – бул демократиялуу коомдун жашоосунун негизги шарттарынын жана баалуулуктарынын бири экенин, жана анын ичинде Интернет маанилүү ролду ойноорун белгилейт.

14. Өкмөт органдарын кымбат эмес жана жогорку сапаттагы интернетке жол ачууну жана Интернет камсыз кылган провайдерлер ортосунда адилеттүү атаандаштык үчүн шарт түзүп, ошону менен бирге айыл жергесинде жашаган калкты Интернет колдонууга шарт түзүүгө чакырат.

15. Бийликтерге эскертет: провайдерлердин жумушун ашыкча текшерүүлөргө, мамлекеттик кызматкер жумуш ордун тура эмес колдонуусуна, ишкерликтин башка формаларын чектөөгө болбойт экендигин белгилейт. Андан сырткары, эгерде провайдерлер контент үчүн жооп берүүдөн баш тартса же мыйзамга каршы келген контентти алып салу жөнүндө сот тарабынан берилген буйрукка баш ийбесе, провайдерлер мазмун (контент) үчүн жоопкерчиликке тартылбаш керектигин белгилейт.

16. Эгер мамлекет провайдерлерден маалыматтын архивин сактоо талап кылса, анда мамлекет  Интернет трафиктин узактыгын жана сактоо көлөмүн азайтууга жана провайдерлердин акча сарптоолорун минималдуу деңгээлде кармоосу керек. Мындай архивду сактоо боюнча талаптар провайдерлерге коюла турган болсо, андай талап бир гана  так белгиленген жана жүйөөлүү себептер менен коюлушу керек.

17. Нейтралдуу Интернет түйүндөрүн коргоону белгилейт. Нейтралдуу түйүн – бул анда жайгаштырылган маалымат же трафик бардык коолдонуучуларга, алардын кайсы Интернет жолун колдонгонуна карабастан, баарына тегиз ачык болушу керек; анын ичинде контент, автор, малыматын түзүлгөн жери жана максаты да ачык болушу керек.

18. Бийлик органдарын Интернет кызматтын провайдерлери түйүндө нейтралдуулук принциби менен иштеп, трафик башкаруунун тунук саясатын алып таруугa шарт түзүүсүн белгилейт. Түйүнгө жана интернет кызматтарга бей-тараптуу тегиз укук болушу керек.

19. Бийлик структураларын Интернет жөнүндө саясатты иштеп чыгууда, же теле-радиону сан-арипке өткөрүү боюнча мыйзам долбоорлорду чыгарууда жарандык коом менен кеңири баарлашууга үндөйт. Өкмөт телерадиону сан-арипке өткөрүүдө ЖМКнын плюрализм принцибин камсыз кылууну алдыңкы максат катары көрүүсү керек.